Мухаммед Исмаил Каюмогли
К. Карасаев атындагы БГУ

УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ ДИАЛОГУ: БОРБОРДУК АЗИЯ МЕНЕН ТҮШТҮК АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН КЫЗМАТТАШТЫГЫНДА - АФГАНИСТАНДЫН ТРАНЗИТТИК ЖАКТАН МААНИСИ

Внешняя политика и экономическое развитие региональных стран является основой зближения этих стран. Ныне Афганистан и страны Центральной Азии считаются стратегически важным регионами. В будущем эти регионы могут стать центром и очагом внимания других стран. Межрегиональное сотрудничество приведет к стабильности, развитию экономики и уменьшит бедность в регионе.

Сырткы саясат жана экономикалык өнүгүүнүн зарылдыгы, аймактык мамлекеттерди бири бирине жакындаткан мазмун болуп саналат. Азыркы заманда Афганистан жана Борбор Азия мамлекеттери стратегиялык айлампа болуп эсептелет. Келечекте дал ушул аймак дүйнөдөгү бардык атаандашуулардын борбору боло алат. Бир гана аймактын биргелешип иштешүүсү менен аймакта стабилдүүлүктү, тынчтыкты өрнөтүп, экономиканы өнүктүрүп жана кедейчиликти азайта алат.

(Келишимдер, Теория жана Анализ)

Афганистан тынчтыкта жана туруктуу онугуусу учун жакынкы мамлекеттер менен биргелешип иштешүүгө муктаж жана аймактагы бардык мамлекеттер менен тил табышып, болуп жаткан кыйынчылыктардын алдын алуусу зарыл. Копчулук кыймылдар, аймактык мамлекеттер Афганистанда болуп жаткан коркунучтардан кооптонууну четке кагууда. Эксперттер аймактык тынчтыктын маанилуулугу тууралуу өздөрүнүн убадаларын сактап, мисалы, терроризмге каршы курошуу, наркотикалык контрабанда жана аны өндүрүү ошондой эле, кылмыш уюмдарына каршы дүйнөлүк программалар жана региондор дайыма иштеп жатышат. Афганистан аракеттеринин жана ондогон жылдар бою сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында кошуна мамлекеттерди Улуу Жибек-Жолу сыяктуу тарыхый босогого чакыра алды жана бул жол менен мамлекеттин коркунучтуу абалын аймактык мамлекеттер менен биргелешип иштешууго өзгөртө алды.

Өткөн он төрт жылда, аймактык өлкөлөрдүн Афганистанда колго алган стратегиялары коопсуздук, экономикалык, бизнестик жана транзиттик кызматташтык мамиле белгилери болгон. Мисалы: 2002- жылдын 22-декабрында Афганистандын борбору болгон Кабул шаарында “коңшу мамлекеттер” (Афганистан, Кытай, Иран, Пакистан, Тажикистан жана Өзбекстандын өлкө башчылары коопсуздук, экономикалык жана соода сыяктуу биргелешип иштешүүдө өтө тыгыз, мисалга, «Жакшы кошуналык мамиле» аттуу бул мамлекеттердин соода сатык, экспорт жана капитал кошуу сымал тармактарда биргелешип иштешүүгө кол коюшкан. Өлкө башчылары дагы бир ирет өз өлкөлөрүнүн милдети катары эки тараптык мамилеге негизделген территорияны сактоодогу сый урмат, эки тараптык достук мамиле урмат-сый, кызматташтык жана бири-биринин ички иштерине кийлигишпөөгө кол алышты.

2007- жылдын 5-6 июлунда Афганистан жана Туркменистан өкмөт башчылары биргелешкен жарыя менен кызматташтыктын маанилуулугу алдында электр, соода, транспорт, куйуучу ондурушторду сатып алуу жана эки мамлекет ортосундагы соода сатыкты кайра иштетууну кучотуудогу мамилени баса белгилешти.

2010-жылдын 26-январында Стамбул процесси (Азиянын Жүрөгү) Туркиянын президентинин инициативасы менен Стамбул шаарында: Өкмөт башчылар жана өкмөттүн бийик даражалуу мучолору дуйнолук жана региондук уюмдардын катышуусунда баары бир добуш менен Афганистан Азиянын жүрөгү жана азыркы убакта жана келечекте дагы болунбостон кала бермекчи деп кошуна мамлекеттер менен дайындалганын айтышты. Афганистан жана коңшу мамлекеттер байыркы узун тарыхы жана элдеринин окшош маданияты ошондой эле тилдери дагы бири-бири менен терең байланышта. Элинин санын коптугу, терен маданияты, кучтуу экономикалык фактору, биздин арабызда ото кеңири. Биздин алдыбызда бетме-бет турган коркунучтар жана чакырыктар дагы биздин жалпы маселебиз болуп саналат.[1]

Экономисттердин назары боюнча Борбор Азия менен Туштук Азия мамлекеттеринин ортосундагы мамиленин онугуусу, Афганистан аркылуу аймактык саясий кысымды азайтууда, жана Афганистанга, жана регионго узак мооноттүү стабилдүүлүктү, коопсуздукту кепилдик кыла алат. Кыргызстандын көрүнуктүү профессору өз китебинде “XXI кылымды чыгыш таануу кылымы” [2] деп атагандай Афганистандын геополитикалык жана геостратегиялык маанилүүлүгү бир канча жыл мурун Борбордук жана Түштүк Азия мамлекеттеринин арасындагы транзиттик соода жаатындагы жүрөгү болуп саналган экономикалык негизги себеби болуп саналган.

Афганистандын Борбордук Азия менен 2013-жылдын 19-декабрында Кабулда болгон сүйлөшүүлөрүндө каралган болчу, Орто Азия мамлекеттеринин элчилери жана Дүйнөнүн 30дан ашык мамлекеттеринин өкүлдөрү жана чоңдогон маданий жана коопсуздук уюмдардын окулдору Кабулдагы чогулушка келишкен. Катышуучулар, “Борбордук Азия мамлекеттери менен Афганистандын маданий жана географиялык жакындыктары, аймактын өнүгүүсү жана тынчтыктын сактануушу үчүн маанилүү деп билишет.” Аймактык биргелешип иштешүүлөр капитал салууга муктаж болгон катышуучу мамлекеттер, соода жана кеңейтүү тармактарда Борбор Азиянын мамлекеттеринин картасын, Афганистандын кайра куруу методу жана коопсуздукка көңүл буруу тууралуу маселелер талкууга алынды. Бул жыйындын катышуучулары мамлекеттер арасындагы келишимдердин түшүнбөстүктөрүнө каршы күрөшуп Борбор Азия ортосундагы мамилени камсыздоону өтө маанилүү деп билишет.

Афганистандын улуттук коопсуздугунун мурунку кеңешчиси- доктор Рангин Дотфар Испанта мындай деди: “Афганистандын жана Борбор Азия мамлекеттери айтып тургандай, биздин регион эки тараптык кызыгууларга өтө бай жана биз муну өз элибиз үчүн стабилдүү жана адилеттүү өнүгүү деп атай алабыз, ошондой эле тынчтык жолунда колдоно алабыз. Афганистан бардык Борбордук Азия мамлекеттери менен тарыхый, улуттук жана географиялык байланышка ээ. Биздин регион жаштарга, стратегиялык материалдарга жана кайталангыс экономикага ээ. Өтө зарыл деп эсептелген, аймактык мамлекеттер жана өнөр жайлуу мамлекеттер саясий жүргүзүүлөрүндө биз менен ырааттуу жана эффективдүү болушу керек.”

Ошондой эле, Афганистандын стратегиялык изилдөөлөрүнүн башчысы Дауд Марадион “Афганистан жана Борбор Азия мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыкка тийгизген тоскоолдуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшылап баамдаш учун дайымкы жана конкреттүү процеске муктаж. Бул максат үчүн биз өзүбүздүн жардамыбызды жана муктаждыктарыбызды бардык ички шериктештерди, аймактык жана өз аралык мамилелерди бекемдеп ушул жол менен региондун бекем мамилесине жетебиз”- деп айтты. Афганистандагы Кыргызстандын элчиси Авазбек Абдуразаков дагы “КР эл аралык стратегиянын баардык аспектисин Афганистандагы согуштан кийинки кайра калыбына келтирүү чечимине жалпы колдоо көрсөтөт ”[3] -деп билдирди.

СССРдин 1992-жылы кулоосу жана аз аздан чек аралардын ачылышы, өзгөчө 2001-жылы талибандардын бийликтен кетиши, Афганистандын Орто Азия мамлекеттери менен экономикалык карым катнаштарынын жакшыртуусуна алып келген себеп болуп саналат.

USAID, Кыргыз мамлекетинин эл аралык соода сатык тармагы, эл аралык транспорттук ассоциация, жана Азия өнүктүрүү банкы, тыгыз байланышта болгон мамлекеттер, жана ошондой эле, Европанын мамлекеттик өкүлдөрүнөн турган коопсуздук уюму, жана башка уюмдар, Афганистан, Пакистан, Кыргызстан, Тажикистан, Өзбекистан, Түркменистан мамлекетте-

ринин транспорттук компанияларынын демилгеси менен, Кыргызстандын борбору Бишкекте "Заманбап транспорт жана логистика" аттуу семинарын өткөрүштү. Кол койуучу мамлекеттердин өкүлдөрү жана ишмерлери, коммерциялык транзитти көтөрүүгө жана транспорттук кыйынчылыктарды чечүү тууралуу түшүндүрмөлөрүн беришти. Бул семинарда, экономисттер, Түштүк жана Борбор Азия мамлекеттеринин ортосундагы транзиттик жолдордун жакындык, ыңгайлуулук, коопсуздук жана географиялык жагынан Кытай жана Афганистанды бири бирине алтернативдүү деп билдиришти.[4]

Афганистандын саясий жана стратегиялык маанилүүлүгү бир канча жыл мурун Борбордук жана Түштүк Азия региону транзиттик соодага ылайыктуу деп эсептелген.

Түштүк Азия камтыган- Пакистан, Индия, Бангладеш, Шри-ланка, Молдавия, Бутан жана Непал мамлекеттери өтө маанилүү деп эсептелинет. (Индия океанына / Араб дарыясына) кирүүгө мүмкүнчүлүккө ээ болгон жана дүйнөдөгү эң жыш жайгашкан калктын бешинчилеринен болуп саналат. Афганистан Борбордук Азия менен маанилүү транзиттик байланышты жакшыртып жол ача алат.

Борбор Азия камтыган- Тажикистан, Өзбекистан, Түркменистан, Кыргызстан жана Казакстан мамлекеттеринин 98.02 миллиондук эли (Афганистан менен) бириккен суу, кара мунай, газ жана башка табигый ресурстардын маркетине чакырды. Борбордук Азия маданият жаатында жана ар кандай тармактарда, ошондой эле, кылымдар бою келе жаткан бир дини менен, Жибек-Жолунун босогосунда Афганистан дагы бул калкы жыш маркети менен экономикалык жана акча жаатында байланышта.

Экономисттердин назары боюнча, Борбор Азия менен Тушгук Азия мамлекеттеринин ортосундагы транзиттик байланыштардын Афганистан же Кытай аркалу өнүгүсү мүмкүн. Бул аймактагы өлкөлөр, өздөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарын биргелешип саясий мамилелери аркылуу орнотушат. Пакистан Орто Азия өлкөлөрүнө Кытай аркылуу чыгууга аракеттенет, бунун себеби болсо эгер Афганистан аркылуу Орто Азия өлкөлөрүнө транзиттик жол ачылганда, Индия жана Иран мамлекеттери дагы соода жолуну табышат. Анткени, бул соода жолу Борбор Азияны Туштук Азия менен байланыштырып, деңизге жол ачууга мүмкүнчүлүк түзөт. Эгер Афганистандын түндүк аймагы менен «Хейратан, Ширханбандар жана Акина» аркылуу Иранга транзиттик жол ишке ашса, (2014 жылын декабьр айында Кытай, Кыргызстан, Тажикстан, Афганистан жана Иран өкмөттөрү өкүлдөрү тарабынан темир жолу боюнча кол кайылышты,) бул жол деңиз мейкиндигине чыгуу максатта, эң кыска жол болуп эсептелинет[5], ошондуктан транзиттик жолго кызыккан мамлекеттердин арасында, Афганистандагы стабилдуулукту чындоочу жана өрнөтүүчү себеп болуп келет.

Акыркы учурда Кыргызстан жана Иран мамлекеттери өлкө арасындагы экономикалык катнашууну жана транзиттик тейлоону өрнөтүү жана өнүктүрүү жолдорун издеп келишүүдө.[6] Аймактык өлкөлөрүнүн темир жол сызыгына байланушуусу "Улуу Жибек Жолу" кайра ишке кирүүсү болуп, деңиз мейкиндигине чыгууга шарт түзөт, анткени бул кадам өзгөчө маанигe ээ. КРнын өкмөтү, бул аймактын демилгесин изилдөөгө жана келечекте КР дагы темир жол куруу процесси бүтүрүүсүнө аракетиенип жатат. Жогоруда айтылып өткөн өлкөлөрдүн арасында, темир жолун өрнөтүү жана аны кошуу, КРга деңизге жол ачуусуна жана өзүнүн элдик товарларын дүйнөлүк соода сатык жайларга экспорт кылуусуна жардам берет.[7]

Жакынкы аралыкта Кыргызстан жана Тажикистандан Афганистанга жана Афганистан аркылуу Пакистанга электр жарыгын өткөрүүсү (CASA-1000 проекти саякту) аймактык кызматташтыктын башталышынан улам ишке ашат. Мындан кийинки кадам, Тажикистан жана Индия ортосундагы келишимдин негизинде транзиттик соода жолун куруу болуп саналат, бул келишимге 12-июнда 2011- жылы кол коюлган. Пакистан бул жол аркылуу Орто Азия соода сатык жайларына жете алат.[8]

Тышкы саясат жана экономикалык осуу жаатындагы муктаждык, аймактык өлкөлөрдүн бири бирине жакындоого алып келет урган маселелерден болуп саналат. Мисал алып караганда (Афганистан портко жана кара алтынга муктаж. Индия, Пакистан жана Иран өлкөлөрү болса Афганистан аркылуу өзлөрүнө ылайык соода-сатык жайды Орто Азыя өлкөлөрүнө табып, өздөрүнүн товарларын сатып жана кара алтынга болгон муктаждыгын керектүү өлчөмдө канааттандыргысы келет. бул өлкөлөрдүн бири-бирине болгон көз карандуулугу жана өз муктаждыктарын камсыз кылуусу, жокко чыгарууга мүмкүн эмес болгон маселелерден болуп саналат.

"Ава" кабар агенттигинин" Иснага "болгон шилтемеси аркылуу билдируусу, "Орто Азия Таймз" газетасында, Иран жана Индия мамлекеттери Тегеранда өткөн өлкө башчыларынын Боштондук кыймылынын 16- отурумунда Чобхор портундагы соода сатык, транзит жана инвестициялоо үчүн мекемелерди куруу жана кызматташтыкты өнүктүрүү жана кеңейтүү маселелери талкууга алынды. Бул үч өлкөнүн географиялык жайгашуусу уч жааттык соода сатык мамилелерде эң маанилүү фактор болуп саналат. Ушул жылдын Май айында, Анвар Ал-Хак Ахади, Афганистандын соода жана ондуруш экс министри жана Абдуль Фадль Захрвани, Ирандын Кабулдагы элчиси эки өлкөнүн экономикалык катнаштарын өнүктүрүү боюнча келишимге кол коюшту. Бул келишимде эки тараптын назарындагы эң негизги маселе Ирандын түштүк чыгышындагы Чобхор порту болду.

10 жыл мурун Индия мамлекети Чобхор портунун өнүгүүсү учун Иран мамлекети менен биргелешип иштешкен. Индиялык кемелерди порттун аймагында токтотуусу жана аларга өздөрүнүн товарларын жүктөөсү Афганистан жана Орто Азия мамлекеттеринин максаттары болуп саналат. Индияга, Чобхор порту менен өзүнүн Орто Азия мамлекеттери менен болгон пайдалуу соодасына жана бул аймакта жүк ташуусуна Иран жана Афганистан себеп болот. Иран, Индия жана афганистан мамлекеттери 2003- жылы өздөрүнүн эң биринчи Чобхор портунун өнүгүүсү боюнча келишимге кол коюшту. Бул келишимдин негизинде Иран, Афганистан чегине чейин Чобхор жолун курса, Индия болсо бул жолду Афганистан Кандагар -Херат магистралдын жанында жайгашкан Заранж - Дел Оромго чейин улантып кете турган болду. Бул тартипте Чобхор порту Кабул жана башка тундук аймактар менен байланышат. Бүгүнкү күндө бул жолдор колдонууга даяр жана мындан тышкары Чобхор порту Индиянын эң негизги жук ташуучу транзиттик борборго айлануусу Афганистандын жана Орто Азия мамлекеттеринин максаты болуп саналат, жана ушул жолдор даяр болуусу зарыл. Чобхор порту Индия Океанынын жы-

луу суу жана Оман булунундагы эң маанилүү порту болуп эсептелет. Ушул себептен улам жыл бою Орто Азияга жүк ташый алат.

Пакистан өлкөсү НАТОнун Афганистанга жүк ташуу жолун тосмологу менен, бул жол Орто Азия аркылуу ачык болуп турат. Орто Азия мамлекеттери НАТОнун товарларынын өздөрүнүн территориясынан Афганистанга өткөрүү үчүн өздөрүнүн базаларын ижарага беришип ташып атат. Буга карабастан, Иран Афганистан жана Индия мамлекеттери ар бири Америка менен ар кандай жана ар түрдүү мамилелерди түзүшүп, натыйжада өлкөлөрдүн географиялык жайгашуусу алардын экономикалык жактан тагдырын бир кылып атат. Тилекке каршы, Пакистандын бул кызматташтыкка болгон максаттарына коркунуч келтирет. Пакистан Иран демилгеси менен атаандашып, Чобхор жана Гуводор портторун Кытайдын жардамы менен өнүктүрүүдө көңүл бурушу керек. Тарыхта, Ош шаары соода- сатык өзөгү болу менен бирге Орто Азиянын Кытай менен Индияга каридору болуп эсептелген.[9]

Улуу Жибек Жолу, дүйнөдө эң узун соода- сатык жолу болуп, азыркы учурда аймакта эң манилүү жана модерн проект болуп эсептенет. Афганистан бул жолдун ортосунда жайгашкан. Бул жолдун өзгөчөлүктөрү:

Биринчиден, Улуу Жибек Жолу Кытай менен Рома ортосунда бир соода- сатык жолу; азыркы учурда болсо Кытай менен Батыштын ортосундагы мамилесин ташууда. Экинчиден, Улуу Жибек Жолу бир соода-сатык көпүрөсү болуп, Орто Азия, Түштүк Азия жана Батыш Азияны өзүнө камтыйт. Үчүнчүдөн, Улуу Жибек Жолу жалгызгына экономика жактан эмес; балким, элдердин арасында маданий мамилелердин түзүлүшү жактан өзүнчө маанилүү болууда. Төртүнчүдөн, кылымдар боюнча элдердин ортак эстелиги болуп, Жибек Жолунун символу- бул "төө" жана Жибек Жолунун атын Бейжинг, Бишкек, Кабул, Стамбул, Душанбе, Ташкент, Ашкабат, Техран жана бардык чоң жана кичи шаарлардан тапса болот.[10]

Пакистандын тышкы саясатындагы эң негизги маселеси, анын башкаларга да таасир эткен Индия менен болгон атаандаштыктан улам келип чыгат. Пакистан, Түштүк Азия өлкөлөрүнүн Иран аркылуу Борбор Азияга чыгууну каалабайт. Ошол үчүн дагы Афганистан аркылуу Орто Азия өлкөлөрүнө ачылган жолду террористтерден колдоп , коопту болушуна аракеттенет.[11]

Өзбекистан - Мазар Шариф темир жол келишимине 2003-жылдын 8 декабрында Афганистан жана Өзбекистан тышкы иштер министрлери кол коюшуп, бул проект 2012-жылы ишке ашкан.[12] Афганистан, Орто Азия мамлекеттеринин Түндүк Азия мамлекеттерине транзиттик жактан байланыш үчүн, Иран мамлекетин Пакистанга алтернативдүү жол катары деңиз мейкиндигине чыгууга пайдаланса болот, анткени Пакистан ушул жаатта Афганистанга кооптуу оорчулуктарды келтирүү менен тосук болууда.

Афганистандын тышкы иштер министрлигинин өкүлү, Афганистандын Иран аркылуу жүк ташуусуна болгон даярдыгы тууралуу жолугушууда катышуучулардын алдында, Афганистан – Иран аркылуу өткөн транзиттик жол комитети жеңилдиктерди камсыз кылып келе жатканын кошумчалады жана бул комитет Борбор Азияга же бүгүнкү күндө иштеп жаткан Иран-Афганистан комитетине кошулса болоорун белгилеп кетти.

Бүгүнкү Афганистан, коопсуздук, транзиттик, айрыкча жаңы өкмөттүн түзүлүшү менен- 14 жыл мурунку Афганистан эмес, бүгүнкү күндө 12 порт менен коңшу жана аймактык өлкөлөргө транзиттик жана бизнес жактан ачык. Кыргызстандын экономисттеринин айтымында: "Афганистан өлкөсү азыркы мүмкүнчүлүгү менен Орто Азия өлкөлөрүн кызматташтыкка чакырып атат. Эгер да Афганистанда жол коопсуздугу жакшырак болсо, бул биз Орто Азия мамлекеттеринин Афганистан аркылуу Түштүк Азия өлкөлөрүнө жана Ысык деңизге өткөрүүгө колдоо алат. Бирок, Афганистанда коопсуздук жана инфраструктура маселелерине кандай даражада жооп бере алат, ийне-жибине чейин толук билүү зарыл. [13]

Дүйнөлүк банктын акыркы доклады боюнча инвестиция тартууда, экономикалык өнөктөш уюмунун мүчө өлкөлөрүнөн кийинки баскычта Орто Азия мамлекеттери каралган. Жакынкы арада инвестициянын нефть тармагына болгон жакшыртылган түрүн Орто Азия мамлекттеринин жана башка өлкөлөрдүн көңүл чордонун буруууга максат койууда. Бирок, аймактын экономикалык биримдиги, аймакта болуп жаткан саясий атаандаштыктын себебинен улам, жабыр тартып жатат. (Афганистан- Пакистан, Индия, Иран жана Сууди Арабия менен; Борбордук Азия өлкөлөрү болсо – Россия, Кытай жана чек ара келишпестик менен). Коопсуздук жана инфраструктура маселелери келечектеги Борбор Азия менен Афганистандын карым катнаштарына таасирин тийгизет. Айта кетчү нерсе, келечекте Борбордук Азия менен Түндүк Азия мамлекеттеринин ортосундагы транзиттик проектисинин натыйжасында- экономикалык мааниге ээ боло турган Афганистан, Орто Азия өлкөлөрү үчүн Кытайдан кем эмес деңгээлде болот.[14]

Орто Азия өлкөлөрүнүн деңиз жолу менен Афганистан аркылуу Иран, же Пакистанга түзмө-түз жол тапса, Россия менен Кытайга болгон ыктыяждык азыраак болор эле. Россия Федеративдүү өлкөсү Афганистан, Иран, Пакистандын Орто Азия мамлекеттери менен өз ара тарыхый, диний жана маданий окшоштуктарын жана аймакта боло турган коопсуздук маселелерди эске алуу менен мындай көрүнүштү жактыра бербейт, жана Россия, Казакстан, Тажикистан жана Кыргызстан кирген "Бажы биримдигинин" акыркы экономикалык проекти каралууда, бир нече айдан кийин ишке кирет, Орто Азия мамлекеттеринин экономика жана соода кирешелери Россияга келип такалат деген божомдор бар. "Шанхай кызматташтыгынын" алкагында, Кытай Орто Азия мамлекеттеринин экономикалык ресурстарын жана "Улуу Жибек Жолунун" пайдасын өз өлкөсүнүн пайдасына каратууну көздөйт.

Жыйынтыктап айтканда, 2001-жылы Афган эли согуш жана кагылышуу болуп өткөн жеринде баш көтөрүп жана 14 жылдык аракет менен азыркы абалда Афганистан өзүнүн элине жана эл аралык коомго ишенич жаратып келет. Афган эли жалаң гана тынчтык жана стабилдүүлүк, экономикалык жактан кедейчиликти азайта алат жана экономика кайрадан жандануууга жетет деп ишенип келишет. Афганистан коопсуздук, өкмөт башкаруууу жана экономикалык өнүгүү жаатындагы инвестициялар эл аралык коом менен биргелешип иштегенде гана, Афганистан өз бутуна тура алат.

Афганистандын XXI кылым тышкы саясаты: "Аймакташтыруу жана ааламдаштыруунун негизинде, 40 жыл мурункудай (ич-согушсуз), тынчтыкта жүргүзүлүп келет. Эл аралык терроризм, наркотрафик, уюшкан кылмыштуулук, алсыздуулук жана дүйнөнүн ар кайсы аймактарындагы бийликтин жоктугу, жада

калса “Талибан доорундагы Афганистан” жана башкалар – коопсуздуктун дүйнөгө болгон эң негизги коркунучу болуп саналат. Аймактагы өлкөлөрдүн тышкы саясаттары-бул чакырыктарга туруктуулук берүүсү зарыл.

Афганистан тарыхтан бери дүйнөнүн негизги назарында болуп келет. Бүгүнкү мезгилде, Афганистан дүйнө боюнча бир нече себеп менен стратегиялык курчоого айланган: **Биринчиден**, Афганистандагы эң чоң жана күчтүү дүйнөлүк терроризмге туруктуу боло ала турган мейкиндик болуп эсептелет жана дүйнөлүк терроризмге карата тосмо болуп келет. **Экинчиден**, Афганистандын стратегиялык аймакта жайгашуусу өтө маанилүү. Көптөгөн келечектеги атандашуулардын борбору дал ушул аймак болуп саналат. **Үчүнчүдөн**, дүйнөнүн жарымына жакын эл ушул аймакта жашайт, анткени Афганистан эң чоң экономика мейкиндиги болот, “XXI кылымда эң көп экономикалык суроо талап ушул аймакта пайда болот. Дүйнөлүк стратегиялык эң көп энергиянын запасы, демек мунай зат Орто Азия жана Орто Чыгышта жайгашкан.

Дүйнөлүк саясатта үчүнчү ааламдагы өлкөлөрдү, өзгөчө мусулмандарды жана “XXI кылымдын гидроэкономикалык саясатын” унутта калтыруусун эске алуубуз зарыл. Ташкендик тарыхчынын ою боюнча: “тарыхта, биздин географиялык жайгашуубуз, ким болгонубуздан (өзгөчөлүктөрүбүздөн) маанилүү болуп келген”.[15] Жалпысынан айтканда, Борбор Азия жана Афганистан өкмөттөрү, эл аралык бирикменин колдоосу менен бул өлкөлөр өз ара биргелешкен (CASA-1000 проекти сыяктуу) эки тараптуу жана жогорку деңгээлиндеги сүйлөшүүлөрдү өткөрүп келишет. Бул демилгелер, жалпысынан алганда электр кубаттуулугу жана инфраструктура маселелеринин натыйжасында негизделишген. Ушуга байланыштуу, карым-катнаштардын жогорку деңгээлде өсүп чыгуусуна ишенбестик чыгып келет, бул ишенбестиктин себеби, Афганистандын келечектеги коопсуздугунда.[16]

Адабияттар

1. “Афганистан жана Дүйнө жамаасы”, Афганистан тышкы иштер министирлиги, Кабул- 2010.
2. Афганистан Ислам Ресбубликасынын Соода- сатык Министирлиги, http://moci.gov.af/fa/page/8604, 15.12.2014.
3. “Афганистан менен Орто Азия мамлекеттеринин диалогу”, Кабул-2013.
4. Исаев К., Сейитбаев Б., “Саясий элита: коомдугу бедели, социологиясы”, - Б., 2014.
5. Иран Ислам Р. Бишкектеги Элчилиги, Кыргыз Кабар, 26.04.2014 .
6. Галитски, Полуских, Которучу: Метра Н., “Ош Тарыхы”, Б., 1987.
7. “Материалы международной конференции совместно с развитием и процветанием стран вдоль Великого шелкового пути”, г. Бишкек, 28 ноября-2014, стр. 196, 197.
8. “Орто Азия жана Афганистан; Чашм Андазхаий тахавул дар равабет ойанда”, http://www.betaja.org, 15.02.2014.
9. Параг Ханна, “Yeni Dunya Duzeni”, Пегасус, Стамбул-2011.
10. “Транспорт жана Логистика”, Семинар, Бишкек- 18-20 декабрь 2014
11. Садаий Амрика-Ашна, http://www.darivoa.com/content/afghanistan-railway-between-china-and-iran/2561338.html?utm_medium=twitter&utm_source=twitterfeed, 16.12.2014.
12. http://www.kabar.kg/tur/economics/full/9387, Bishkek-29.01.2015.
13. Чабахар порту, Индия- Афганистан жана Иран өлкөлөрүнүн пайдалык биримдиги, http://www.avapress.com/vdcc4sq0.2bq4i8laa2.html, Садаий Афган, 04.09.2012.